| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**САЙДЫКУМ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**САЙДЫКУМСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ №7

**Сайдыкум айылдык кеңештин IX чакырылышынын кезексиз XIV сессиясы**

**25.03.2026-жыл** **Кызыл-Ай айылы**

**Сайдыкум айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына кирген Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы З.Ташматов көчөсүнө “Социалдык шаарчанын имараттарына жылытуу системаларын орнотуу жана ТП-160 кВА кубаттуулуктагы трансформатордук көмөкчордонду орнотуу долбоорун, Базар-Коргон райондук өнүктүрүү фондуна сунуштоо жөнүндө**

Сайдыкум айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасында каралган иш-чараларды ишке ашыруу максатында, Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы З.Ташматов көчөсүнө “Социалдык шаарчанын имараттарына жылытуу системаларын орнотуу жана ТП-160 кВА кубаттуулуктагы трансформатордук көмөкчордонду орнотуу долбоору боюнча сунушту карап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27, 34 жана 39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, Сайдыкум айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XIV сессиясы **токтом кылат:**

1. Сайдыкум айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына киргизилген, Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы З.Ташматов көчөсүнө “Социалдык шаарчанын имараттарына жылытуу системаларын орнотуу жана ТП-160 кВА кубаттуулуктагы трансформатордук көмөкчордонду орнотуу долбоору боюнча тиешелүү долбоордук-сметалык документтер белгиленген тартипте даярдалсын.
2. Сайдыкум айыл аймагынын Жаңы-Абад айылындагы З.Ташматов көчөсүнө “Социалдык шаарчанын имараттарына жылытуу системаларын орнотуу жана ТП-160 кВА кубаттуулуктагы трансформатордук көмөкчордонду орнотуу боюнча, даярдалган долбоордук-сметалык документтерге ылайык, Базар-Коргон райондук өнүктүрүү фондуна каржылоо маселесин кароо үчүн сунушталсын.
3. Долбоорду ишке ашырууга суралып жаткан 2 301 013 (эки миллион үч жүз бир миң он үч) сом акча каражаты толугу менен Базар-Коргон райондук өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен каржылоо үчүн суралсын.
4. Долбоорду ишке ашырууга байланыштуу чыгымдарды каржылоодо Сайдыкум айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен акча каражаты каралбасын жана бөлүнбөсүн.
5. Ушул токтомдо көрсөтүлгөн долбоор боюнча тиешелүү документтерди даярдоону жана Базар-Коргон райондук өнүктүрүү фондуна белгиленген тартипте сунуштоону камсыз кылуу Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы К.Д.Матисаковго тапшырылсын.
6. Бул токтомун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сайдыкум айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.А. Анарбаев**